УДК 930.85(575.2)
DOI: 10.36979/1694-500X-2023-23-2-96-103

# ОСОБЕННОСТИ ИСТОРИЧЕСКОГО РАЗВИТИЯ КЫРГЫЗСКИХ НАРОДНЫХ ИНСТРУМЕНТАЛЬНЫХ НАИГРЫШЕЙ

***М.К. Корпобаева***

*Аннотация.* Рассказывается о кыргызских мелодиях, об искусстве, которое развивалось с древних времён. Историческое развитие исполнительского искусства кюу свидетельствует о том, что оно развивалось с появлением различных инструментов. Также были представлены доклад о музыкальных инструментах, рассказ о великом эпосе «Манас» в соответствии с образом жизни и бытом кыргызского народа. Развитие народно-инструментального искусства происходило в соответствии с обычаями и традициями народа, каждый из которых имел свой исторический характер, социально-культурные условия. На основе сведений и работ видных музыковедов и исследователей интерпретированы особенности исторического развития инструментальных наигрышей.

*Ключевые слова:* культура; музыкальные инструменты; песни; наигрыши; программирование; творчество; музыка; форма.

# КЫРГЫЗ ЭЛДИК АСПАПТЫК КҮҮЛӨРДҮН ТАРЫХЫЙ ӨНҮГҮҮСҮНҮН ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

***М.К. Корпобаева***

*Аннотация:* Макалада улутубуздун эң байыркы замандарынан бери өнүгүп келген көркөм өнөрү - кыргыз күүлөрү тууралуу сөз болду. Күүчүлүк өнөрүбүздүн тарыхый өнүгүүсү, анын калыптануусу, өнөрчүлүк менен катар түрдүү аспаптардын пайда болуп өнүгүп келиши жазылды. Улуу «Манас» эпосунда баяндалып келген музыкалык аспаптар жөнүндө дагы баяндама берилип, мындан тышкары, кыргыз элибиздин жашоо-тиричилигине жараша элдик аспаптык күүчүлүк өнөрдүн өсүп-өнүгүүсү элдин ырым-жырымдарына, адаттарына, салттарына жараша ар биринин өзүлөрүнө мүнөздүү келген тарыхый жолунда, социалдык-маданий шарттарында калыптанып, өнүгүп келгендиги тууралуу жазылды. Аспаптык күүлөрдүн тарыхый өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрү тууралуу көрүнүктүү музыка таануучулардын, изилдөөчүлөрдүн жазган маалыматтарынан, эмгектеринен таянып чечмеленди.

*Түйүндүү сөздөр:* маданият; музыкалык аспаптар; ыр; күүлөр; программалуулук; чыгармачылык; комуз; форма.

# FEATURES OF THE HISTORICAL DEVELOPMENT OF KYRGYZ FOLK INSTRUMENTAL TUNES

***M.K. Korpobaeva***

*Abstract.* The article tells about Kyrgyz tunes, the artistic art of our nation that has been developing since ancient times. The historical development of the performing art of кuu indicates that it developed with the advent of various instruments. A report on musical instruments, a story about the great epic «Manas» in accordance with the lifestyle and way of life of the Kyrgyz people were also presented. The development of folk instrumental art took place in accordance with the customs and traditions of the people, each of which had its own historical character, socio-cultural conditions. Based on the information and works of prominent musicologists and researchers, the features of the historical development of instrumental tunes are interpreted.

*Keywords:* culture; musical instruments; songs; tunes; programming; creativity; music; form.

Кыргыз тарых изилдөөлөрүнө карасак элибиздин музыкалык маданияты, тээ байыркынын түпкүрүнө алып барат. Анын ичинен кыргыз күүлөрү улуттук маданияттын борборунда турган чоң масштабдуу көркөм өнөр. Анткени кыргыз күүлөрү улутубуздун эң байыркы замандарынан баштап, кийинки XIX кылымга чейинки баскан жолундагы жашоо-турмушунун бардык жактарын музыкалык чыгармачылык формасында чагылдырылган. Элдик музыкалык маданияты эки чоң багытта: ыр жана аспаптык өнөрлөрү боюнча калыптанып, өнүгүп келди. Күүчүлүк өнөрүнүн калыптануусу, адеп, музыкалык аспаптардын пайда болушу менен байланышкан. Кыргыздар башынан эле музыка жандуу калк болгон, алардын кол өнөрчүлүктөрү менен катар музыкалык чыгарманы аткара билүүсү да абдан кеңири өнүккөн. Калың калктын ичинен суурулуп чыккан атактуу шайыр ырчысы, күүчүсү, акыны болгон. Кыргыз элинин байыркы музыкалык аспаптарынын көптөгөн түрлөрү: кылдуу чертмек аспаптары – комуз, жетиген; кылдуу жаачан аспабы – кыл кыяк; тилдүү какма ооз комуздары – темир ооз комуз, жыгач ооз комуз; үйлөмө аспаптары – сыбызгы, чоор, сурнай, керней, жезнай, чыңыроон, чымылдак ж. б.; урма аспаптары – добулбас, доол, дап (кээ бир аймактарда «дап» аспабын «дайра», «дагыра» деп да аташкан), чилдирман, жекесан, аса таяк, така ж. б. аспаптар элдин жашоо-тиричилиги менен эриш-аркакта өнүгүп келген. Аталган музыкалык аспаптар, элибиздин бүтүндөй тарыхына айланган «Манас» дастаныбызда да кеңири баяндалып айтылып келет. Мисалы, Саякбай Каралаевдин вариантында музыкалык аспаптар жөнүндө мындайча айтылат:

**Жез най** үнү такылдап,
**Сыбызгы** үнү закымдап.
**Сурнай** кулак тундуруп,
**Добулбасты** урдуруп... [1, 230-б.].

Сурнай аспабынын эл ичинде колдонулушу тууралуу А.В. Андреевдин (Алибий) мындайча жазат: “Кыргыз “сырнайда” (кларнет) добушун түрлөнтө көркөм ойной билет. Күмүш капталып, оймо-чийме салынган аспаптын боздогон жана ачынткан добушу азиаттан башкага түшүнүксүз. Кыргыз “сырнай” добуштарынан ата-бабаларынын эрдиктери жөнүндө китеп окугандай эле окуй алат. Аспабынын добушунан аялдардын каңырык түтөткөн кошогун уга алат. Кыргыз бул музыканы абдан жогору баалап, өтө сүйүп, аны менен кошо өсүп жана жашаган” [2]. Керней аспабынын түрлөрү боюнча А. Эйхгорндун [3, с. 192] жазмаларынан да кездештиребиз.

Тарых барактарында жазылып келгендей, IX–XIII кылымдарда музыкалык аспаптар боюнча Аль-Фарабинин “Музыка жөнүндө жазылган китеп” аттуу трактат эмгегинде кылдуу аспаптардын эң алгачкы сүрөтү Орто Азияда IX–X кылымдарга барат, бул тууралу лютна аспабына окшогон сүрөт тартылган картина Япониянын музейинде сакталып турганы айтылган. Бул сүрөттө эки музыканттын сүрөтү тартылган, бирөө лютна аспабында ойноп жатканы, экинчиси – кылдуу аспап формасы азыркы комуз, кыяк сыяктуу деп Аль-Фараби сүрөттөйт [4, 12–13-б].

Кыргыз элдик музыкалык аспаптары боюнча кыргыз элинин белгилүү музыка изилдөөчү, искусство таануу илиминин кандидаты, профессор С. Субаналиев өзүнүн эмгегинде музыкалык аспаптарды хордофондорго, идиофондорго, мембрафондорго, аэрофондорго бөлүп терең изилдөөлөрдү жазып көргөзгөн [5, 59-б.].

Кыргыз элинин жашоо-тиричилигине жараша элдик аспаптык күүчүлүк өнөрдүн өсүп-өнүгүүсү элдин ырым-жырымдарына, адаттарына, салттарына жараша ар биринин өзүлөрүнө мүнөздүү келген тарыхый жолунда, социалдык-маданий шарттарында калыптанып, өнүгүп келген. Ошону менен катар, элдин салттык музыкасы да, ар бир аймактарда ар башка диалектилерге бөлүнөт. Алсак, жергебиздин түндүгүндө музыкалык аспаптар добулбас, дап, комуз, сурнай, керней, сыбызгы ж. б. деп аталышса, түштүк аймактарда: добулбаш, дайра, зурнай, карнай, най сыяктуу аттар менен аталышкан.

Кыргыз элинин күүчүлүк өнөрү байыртадан бери эле эл ичинде салтка айланган устат-шакирттик жол менен өнүккөн. Изилдөөчү К. Жакыпов бул тууралуу мындайча жазат: “Бүгүнкү күндө “устат-шакирт” салттуу музыка борбору Бишкек шаарынын жана аймактардын айрым мектептери менен биргелешип, салттуу музыка сабагын жумасына бир жолу – ийрим катары киргизүү ишке ашырылган” [6, 139-б.].

Элдик аспаптык аткаруучу ар бир аспаптын өзүнө мүнөздүү кайталангыс добуштуу өзгөчөлүгү менен, алардын жасоо ыкмаларын, түзүлүштөрүн, ошондой эле аларда ойноо ыкмаларын сактап, улам кийинки муундарга өткөрүп келген. Аспаптык күүчүлүк өнөр өткөн доорлордо элдин жашоо шарттарына, көчмөн турмушуна жараша өнүккөнү жана чыгармачылыктары да, ошол мезгилдердеги жашоо-тиричиликти чагылдыруу болгон. Күүлөрдүн обон-кайрыктарынын мүнөздөрү, ошол жергиликтүү элге мүнөздүү өзгөчөлүктөрдө да болушканы далилденет. Өзгөчө жергебиздин ар бир аймактарынын комузчу-күүчүлөрүнүн жаратуучулук, аткаруучулук боюнча өздөрүнө мүнөздүү стилдери болгон. Комузчулук аткаруучулук стилдер боюнча С. Субаналиев өзүнүн ой толгоосун кеңири билдирген [5, 76-б.].

Эл ичиндеги чыгаан, чыгармачыл касиет даарыган өнөрпоздор аспаптарды ыйык тутушуп, бийик кармашкан. Анткени ал аспаптар кандайдыр бир деңгээлде элдин бүтүндөй жашоо-тиричилигине ылайыкталган бирден-бир керектүү курал катары колдонулган. Алсак, комуз эл арасында рухий жана эстетикалык жагдайында өзүнчө бир символ катары эсептелген. Комуз аспабы тууралуу С.М. Абрамзон мындайча жазган: “Элдик музыкалык аспаптардын арасында үч кылдуу комуз кеңири белгилүүлүгү жагынан биринчи орунду ээлейт” [7, 422-б]. Демек, комуз кыргыз элинин жашоосунун музыкалык маданиятындагы эң орчунду орунду ээлеген, элдин сүймөнчүлүгүнө ээ болуп, кеңири тараган аспап экендигин айта алабыз. Комуз аспабынын үч үндүү абдан таза, тунук, жагымдуу үн добуштарынын, өтө акырын, назик чыккан добуштан баштап, өтө күч-кубаттуу чыккан добуштарга чейин илип, терип, термелте жандандырып, түркүн көркөмдүктө ойнолуп, чертилгендиги бизге белгилүү. Ал эми урма аспаптардын көлөмдүү келген чоңунан, колго кармоого ылайыкталган кичинесине чейин, жашоодогу тийиштүү жагдайларда колдонулгандыгын билебиз. Аларды согуштарда, элдин жыйындарында, бакшылардын ырым-жырымдарында жана көптөгөн тиричиликтерде колдонулгандыгы маалым. Ошондой эле үйлөмө аспаптар да кандайдыр бир кабар же белги берүүдө, ууга чыгууда, мал кайтарууда пайдаланышкандыгы тууралуу кеңири таанышбыз. Мал багууда коңгуроолордун да колдонулушу кеңири болгон. Ошентип, ары татаал жана тарыхый узун жолунда өнүгүп келген кыргыз музыкалык аспаптарынын тарыхый жолу бүгүнкү күнгө чейин салттуулугун бузбай сакталып келди.

Кыргыз элинин музыкалык комуз, кыл кыяк, жетиген, чоор, чопо-чоор ж. б. аспаптарынын жаралышы тууралуу элибизде көптөгөн уламалуу тарыхы айтылып жана жазылып келет. Алсак, комуздун жаралышы тууралуу легендарлуу мергенчи Камбар жана “Камбаркан” күүсүнүн жаралышы жөнүндө бүгүнкү күнгө чейин айтылып келүүдө. Комузчулар чөйрөсүндө **“Күүнүн башы “Камбаркан”** деп бекеринен айтылбаса керек. “Камбаркан” күүсү чертилээр алдында:

Күүнүн башы **Камбаркан**,
Көкүрөктө муң-арман.
Кыябын таап черткенге,
Кырк бир, эки **Камбаркан**.
Оюн таамай черткенге,
Отуз эки **Камбаркан**.
Коңур салкын черткенге,
Комуз ээси жараткан... – деген ыр тизмеги менен башталган [8, 28-б.].

Белгилүү жазуучу И. Жаканов “Камбаркан” күүсү тууралуу мындайча сүрөттөгөн: “Күүнүн башы “Камбаркан” тууралуу залкар комузчу-күүчү Күрөнкөй да, казак элинин залкар комузчусу Ыкылас менен болгон маегинде мындайча айткан: “Кыргыз күүсүнүн башы – “Камбаркан” ушу, ыкылас. Менин черткеним эски “Камбаркан”. Кыргыз кыргыз болгону ошол бир Камбар аңчыдан баштап, чертилип келе жаткан “Камбарканда” эсеп жок. Ар комузчу өз күүсүнүн башын “Камбаркан” менен баштаган” [9, 99-б.]. Ал эми Күрөнкөйдүн уулу Мураталы болсо, “Камбаркан” жөнүндө оюн мындайча билдирген: “Менин чоң атам “Камбарканды” черткенди үйрөтүүдө минтип айткан: “Бул байыркы “Камбаркан...” аны биздин ата-бабалардын баары билген, мына ошондон кыргыз музыкасы уланган” [10, 31-б.].

Музыкалык аспаптардын жаралышы менен, аларда кандайдыр бир мукам добуштуу күү кайрыктарын жаратуу аркалаган, ал ар дайым өсүп-өнүгүп, өркүндөп, улам кийинки урпактарга өтүп келген.

*"Күү"* деген термин кыргыз элдик аспаптык чыгармада өтө кеңири тараган. Күү – бул аспаптык пьеса, аспап үчүн жазылган музыкалык чыгарма болгондуктан, эски салт боюнча, күү оозеки түрдөгү чыгармачылык шартка байланыштуу тек кана угум менен үйрөтүлүп чертилгендиктен аны аспап үчүн жазылган дебестен, аспап үчүн чыгарылган күү десек тагыраак болот. Андыктан күүнүн жалпы теориялык аныктамасын берүүгө аракеттенсек, күү – бул аспапта ойноо үчүн белгилүү бир ар тараптуу мазмуну бар, кыргыздарга мүнөздүү колориттеги обон-кайрыктарга ширетилген жана типтүү форма түзүлүштөргө ээ болгон музыкалык чыгарма десек туура болот.

Күү – чыгармачылыгы ар түрдүү көп кырдуу, көп курамдуу искусство. Анткени анын составына обончулук, ырчылык, аткаруучулук чеберчиликтер кирет. Күүнүн өзгөчөлүгүн илимий термин менен айтканда, "күүнүн синкретизми" деп аталат. Бул терминдин мааниси күүнүн түпкү жаралышынан эле өзүнүн составындагы ар башка өнөрчүлүктөрдү бир эле убакта ичине камтыганын, ага актёрлук чеберчилик, аткаруучулук шык, музыкалык ыргактык жана жөндөмдүүлүк ж. б. көргөзөт. Буга мисал катары белгилүү **дастан күүлөр:** "Каныкейдин арманы", "Семетей күү", "Семетейдин шумкарын Айчүрөктүн ала качканы", "Алманбеттин арманы", "Эр Табылды жалгызым", "Зулайканын кошогу", "Кожожаш мерген", "Мендирман", "Саринжи-Бөкөй", "Курманбек" ж. б., **салт күүлөр:** "Камбаркандар", "Ботойлор", "Кербездер", "Шыңгырамалар", "Толгоолор", "Тайчилер", "Кайрыктар", мындан тышкары, дагы салт күүлөргө: "Абактын күүсү", "Музоокенин күүсү", "Майлыбайдын күүсү", "Сурнай күүсү" ж. б. көптөгөн күүлөрдү атасак болот.

Күү – бул кыргыз элинин руханий жашоотиричилигин чагылдырган тарыхый-маданий мурасы. Философиялык көз караашта карап көрсөк, элдик аспаптык күү кайрыгында элдин жашоосу менен катар, кубанычы, кайгысы, эркиндик-теңдикти көксөөсү, сөз менен айтып билдирүүгө болбогон, ар бир чыгармачыл инсандын көөдөнүнүн, жүрөгүнүн тереңинде жаткан ой-толгоосу, жашыруун сыры, өнөрчүлүктү баалоосу, бөтөн элдер менен байланышы, элжерди душмандардан коргоосу ж. б. көптөгөн эпизоддор чагылдырылган. Күүдө байыркы элдин тиричилиги менен бирге кулк-мүнөзү, айкөлдүгү, сабырдуулугу, кеменгерлиги, ишмердүүлүгү ж. б. мүнөздөрү ачык берилген. Күү тууралуу кыргыз искусствосунун музыка таануу илиминин доктору К.Ш. Дүйшалиев "Кыргыз эл музыкасы" аттуу китебинде: "Күү – кыргыз элдик аспаптык музыкасынын түпкү (жалпы) аты, аспапка чыгарылган пьесанын же аспаптык музыкалык жанрдын аталышы" [11, 222-б.] – деген аныктаманы жазган. Күү тууралуу музыка изилдөөчү М. Касейдин эмгектеринде мындай деп жазылат: «Негизинен күү – бул жаратман инсандын эмоционалдык сезимдеги абалында пайда боло турган кандайдыр бир ой толгоону, түшүнүктү толук жандуу билдире турган элдик аспаптык чыгарма" [12, 29-б.]. Күүнүн речтик айтылышы түрк тилдүү элдердин аспаптык музыкасында бир нече түрдө колдонулат. Мисалы, көөнө (байыркы) түрк тилинен келип чыккан сөз. Речтик айтылыштын шарты менен түрк тилдүү элдердин аспаптык музыкасында бир нече түрдө колдонулат. Мисалы: казак, башкыр элдеринин аспаптык музыкалык фольклорунда *күй* деп айтылат. Ал эми алтайлык түрк тилдүү улуттарда бул сөздүн өзүнчө фонетикалык варианттары бар.

Күүнүн образдык палитрасы кеңири диапазондогу мазмунду камтыйт: баатырдыкты, эпосту, лириканы, драматизмди, жанрдык-турмуштук көрүнүштөрдү, комедияны, трагедияны ж. б. образдар көпчүлүк учурда күүнүн атында (темасында) чагылдырылат. Кээде күүнүн аты, ошондой эле пьесанын жаралыш себептери, мезгили жөнүндө автор маалымат бере алат. Күү чыгармаларынын мазмунунда терең философия жана өзгөчө стилдер бар. Аткарылган күүлөрдүн мазмундары менен муундан муунга өтүп сакталып жана улам жаңы кошумчалар менен толукталып чертилип келет. Күүлөрдүн көркөмдүк жагын жана тарбиялык маанисин кыргыз эли өтө баалай билген. Ушундан улам күү ойнолуп жаткан учурда боз үйдүн ичинде кичинекей ымыркай балдардан баштап, улуу аксакалдарга чейин кунт коюп угушкан.

Кыргыз элдик күүлөрдүн көпчүлүгү программалуу, анткени аларда музыкалык мазмундар даана сүрөттөлөт. Музыка изилдөөчү

В. Виноградов “Киргизская народная музыка” деген китебинин “Аспаптык музыка” деген бөлүмүндө: “Программалуулук – кыргыздын аспаптык музыкасынын жаны” – деп жазган жана күүлөрдүн 90 % баяндоо менен айтылып чертилерин айтат [13, 153-б.].

Кыргыз күүлөрүнө баяндоочулук сюжет жана психологиялык айкындык мүнөздүү экендигин изилдөөчүлөр жазып келишкен. Кыргыз күүлөрүндө эки типтеги программалуулук бар: сюжеттик жана жалпылоочу. Биринчи тиби – ырлар-дастандар негиз болгон жана оюнкараак пьесаларды камтыйт. Аларга аткаруучулар өзү түшүндүрмөлөр менен коштоп күүнүн келип чыгышы, мазмуну жөнүндө айтып берет. Экинчи тибинде – программалуу эмес күүлөр сыяктуу эле, түшүндүрмө сөз аткаруучудан талап кылынбайт. Мындай ойдун тегерегинде А. Салиев программалуу жана программалуу эмес күүлөр тууралуу өз оюн мындайча билдирген: “... программалуу жана программасыз болуп айырмалануу ошол музыканын кеңири өнүккөндүгүн, музыкалык ойдун терендигинин, көркөмдүгүнүн, техникасынын өскөнүн далилдейт” [14]. Мындай ойду В.В. Янковскийдин эмгектеринен да кезиктиребиз: “Комуздун репертуарында, элдик аспаптык чыгармачылыктын эң жогорку жетишкендиктери камтылган. Көптөгөн кыргыз аспаптык күүлөрүнүн программалуулук мүнөзүн, сюжеттүүлүгүн көрсөткөн, көркөм ыкмаларды колдонуу менен, конкреттүү түрдөгү образдуулукту ачык көрө алабыз” [15, с. 22].

Күүнүн драматургиялык, форма түзүү принциптери көптөгөн кылымдардан бери калыптанып, муундан-муунга өтүп келген. Күүнүн өзөгүндө вариация же импровизация методу аркылуу өнүгүүгө зор дарамети, мүмкүнчүлүгү бар баштапкы кыскача берилген музыкалык тема (же тематизм) жатат. Муну күүнүн данеги, ядросу, уругу, өзөгү деген синонимдер менен атаса болот. Адатта, ал даана мүнөздүүлүккө ээ, ошондой эле күүнүн андан аркы жүрүшүндө интонациялык, ыргактык, гармониялык, фактуралык, синтаксистик өзгөрүүлөргө өтүлөт. Ошону менен бирге тематизмдин типтери жана көрүнүштөрү обондук, гармониялык-фактуралык жана ыргактык болуп бир нече түркүмдөргө бөлүнөт.

Сюжетине жана программалуулугуна жараша күүнүн драматургиясы бир тематикалык жана көп тематикалык деп эки негизги түргө бөлүнөт.

Күүнүн биринчи түрүндө алгачкы образдын аз-аздан трансформацияланышы жана туунду типтин карама-каршылыгы байкалат. Экинчи түрүндө ап-ачык карама-каршы салыштыруу, темалар аралык өнүгүүлөр, негизги образдын келип чыгышы, жаңылануунун өтмө динамикасында образдардын сиңирилип кетиши, дискреттүүлүк менен бирдиктүүлүктүн айкалышы көрүнөт.

Комузда ойнолгон күүлөр мазмунунун байлыгы, жанрдык-тематикалык, ыргактык жана форма түзүлүш өзгөчөлүктөрү менен өзүнө тартып, музыка изилдөөчүлөрдү да кызыктырып келген. Мунун баары комуз күүлөрүнүн ар тараптуу каралышына мүмкүндүк берет. Бирок анын ар бир классификациясынын туура болушу үчүн, комуз күүлөрүнүн ички табиятынан чыгуу жана жашоо-турмуштагы реалдуу контекстин жана эстетикалык милдеттерин эске алуу керек.

Ушул жалпы илимий принципке таянып комуз күүлөрүнүн жанрдык классификациясынын тектик жана түркүмдүк жолу аркылуу карап көрсөк, күүлөрдү бир гана музыкалык эмес, ошону менен бирге социалдык-психологиялык, тарыхый-маданий аспектисин, алардын мазмунун жана технологиялык формаларынын көп элестүүлүгүн мүнөздөп берүүгө мүмкүндүк берет.

Музыка изилдөөчү К. Дүйшалиев “Кыргыз эл музыкасы” деген эмгегинде комуз музыкасын жалпы илимий принципке таянып үч негизги топко бөлгөн. Биринчи топко ырдан келип чыкканын, башкача айтканда, ырдык генезис менен байланышкан миниатюралык күүлөр, экинчи топко – айтым күүлөрдү. Үчүнчү топко – чоң масштабдуу классикалык залкар жана кара күүлөрдү киргизген. Комуз музыкасындагы экинчи жана үчүнчү топтор оозеки салттагы концерттик музыканын жанрлары болуп эсептелет. Комуздун чыгармачылык практикада күүлөрдүн аталган үч тобунун ортосунда өз ара байланыштар, аралашма же өтмө жанрдык типтеги комуз чыгармалары пайда болушу мүмкүн. Бул импровизациялык чыгармачылыктын табиятына толук

туура келе турган көрүнүш экендигин жазган [11, 229–230-б.].

Кыргыз күүлөрүнүн ладдык-гармониялык системасы пьеса кайсы аспапка арналып чыгарылса, ошол аспаптын конструкциясы менен аныкталат: күүлөө ыкмасы, чертилишинин жекече жана типтүү ыкмалары, баштапкы тематикалык "уруктун" тиби. Мисалы, үч добуштуу тема-попевка күүдө кыска көлөмдүү толук эмес ладды, ал эми андан көбүрөөк добуш менен узартылган тема беш–жети баскычтан турган ладды түзөт. Негизи беш–жети добуш баскычтарынан турган синтаксистик структура кыргыз күү музыкасынын баштапкы тематизмине өтө мүнөздүү көрүнүш.

Кыргыз элинин музыкалык тарыхында күүлөр өзгөчө орунду ээлейт, анын көркөмдүүлүгү, мазмуну, обондук байлыгы, аткаруучулук ыкмасы, ар түрдүүлүгү, өнүгүшү боюнча аспаптык чыгармачылыкта күчтүү өнүккөн. Күүлөр элдик профессионалдык музыкалык чыгармачылыкта комуз күүлөрү, темир ооз комуз күүлөрү, чоор күүлөрү, сурнай күүлөрү, жыгач ооз комуз күүлөрү деп бөлүнүшөт. Күүлөр чыгарылышына жана аткарылышына жараша программалуу (баяндамасы менен) жана программасыз (баяндамасы жок) деп экиге бөлүнүп чертилет. Көптөгөн күүлөр элдик ырлардын обондорунун негизинде жаралган. Бул жагдайда Б. Алагушов мындайча жазган: "Карамолдо кээ бир күүлөрүнүн негизги данын элдик обондордун кайруусунан алган. Аларды форма, ойноо ыкмасын жана мазмун жагынан көркөмдөп иштеп чыккан. Мисалы, Карамолдо Муратаалыдан Капал менен Байгазынын "Көкөй-Кести", "Сынган бугу" деген кичинекей обон күүлөрүн үйрөнөт. Бирок Карамолдо бул күүлөрдү не бир ченем жеткис бийик көркөмдүккө, не бир жүрөктүн кылын черткилеген назиктүүлүккө жеткирген" [16, 105-б.]. Ооба, изилдөөчү айткандай, автор бул күүгө өзгөчө импровизациялоо менен рондо түрүндө форманы берген жана ошону менен бирге ага тематикалык материалдагы обонду иштеп чыгуу элементин киргизген. Ал эми элдик ыр "Бешик ырынын" обонун өзөгүнөн алынган күүсү "Бешик күүсү" деп аталып чертилет. Мындай мисалдарды көп келтирсе болот. Элдик комузчулардын репертуарында "Бешик күү", "Айтым күү", "Көйрөң күү", "Угузуу күү", "Бий күү" сыяктуу аталыштагы күүлөр дагы арбын кездешет. Бий күүлөр да өз ичинен ар кандай: "Талма бий", "Жинди бий", "Кара жорго" аталыштарда кеңири тараган.

Карамолдонун күүлөрүнө музыка изилдөөчүлөр В. Виноградов менен А. Затаевич өтө жогору баа беришкен. А. Затаевич өзгөчө "Койчулардын коңур күү" Карамолдонун репертуарындагы эң мыкты номер экендигин жана күүнүн көркөмдүгү, андагы гармониянын жана үндөрдүн айкалышкан мүнөздүүлүгү, баарынан да оригиналдуулугу жана өз ара тыгыз байланышкан формаларынын эң мыкты иштелип чыккандыгын айткан [17, 38-б.].

Кыргыз элдик күүлөрү улуттук маданияттын эң маанилүү бөлүгүнөн болуп эсептелет. Анын калыптануу жана өнүгүү тарыхы өлкөбүздүн социалдык-маданий өнүгүүсү менен, анын ичинде көркөм өнөр маданиятынын өнүгүүсү менен тыгыз байланышта болгон. Мындай ойдун тегерегинде У.Ж. Камбаралиева өзүнүн оюн мындайча билдирген: "Кыргыздардын салттуу музыкасы кыргыздардын дүйнө таанып, кабылдоосунда үч деңгээлди камтыйт: материалдык, менталдык жана руханий" [18, 32-б.]. Демек, аспаптык салттуу күүлөр элдин жашоо-тиричилиги менен тыгыз байланышта өсүп-өнүгүүсүн айта алабыз.

Кыргыз коомчулугунда элдик күүлөрдү талдоо жана изилдөө, улуттук музыкалык маданияттын калыптануусундагы көптөгөн татаал процесстерин түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет. Элдик күүлөрдүн түрдүү мүнөздүүлүгү абдан кенен. Жергебиздин ар кайсы аймактарындагы (мисалы, Ош, Баткен, Жалал-Абад, Ысык-Көл, Нарын) элдин жашоо-турмушуна, сүйлөө диалектисине, салт-санаасына ж. б. жараша элдик күүлөр ар бир аймактын өзүнө мүнөздүү келип, спецификасынын өзгөчөлүгүнө байланыштуу болгон. Ошондой эле элдик аспаптык музыканын өнүгүүсү аткаруучулуктун салттуулугу менен да мүнөздөлөт. Элдик күүлөрдүн эки багытта: кесипкөйлүк (профессионалдык) жана өздүк көркөм чыгармачыл сүйүүчүлөрдүн аткаруучулугунун өнүгүүсү бизге белгилүү.

**Элдик салттуу күүлөр** – элдин руханий маданиятынын негизги бөлүктөрүнөн болот.

Күүлөрдү элдин салттуу чыгармачылыгы, анын жашоо-турмушу, каада-салты, улуттук үрп-адаты, тарыхы менен диалектикалык байланышта өнүгүү жолунда болгон. Күүлөр ошондой эле көркөм өнөрдүн башка түрлөрү менен да тыгыз байланышта болуп, комплекстүү түрдө өнүккөн. Күүлөрдү түшүнүү спецификасынын түздөн-түз шарттарынан болуп, элдик музыкалык аспаптарды өздөштүрүү, аспаптык музыкасынын жана музыкалык маданиятынын тарыхый калыптануусу жана өнүгүүсү менен тыгыз байланыштыгы эсептелет. Элдин жашоосунун тарыхый жолунда аспаптык күүлөрдүн ар кандай мазмундагы түрлөрү өнүккөн. Атап айтсак, дастан күүлөр, кара күүлөр, айтым күүлөр, угузуу күүлөр ж. б. Мисалы, салттык угузуу күүсүнүн үлгүсү катары "Кет Бука" тарыхый күүсүн келтирсек болот.

Комуз күүлөрү, башка аспаптык күүлөргө караганда, саны, сапаты, түрү, күүлөнүшү, музыкалык темалардын өнүктүрүлүшү, көп добуштуулугу, ыкмалары менен айырмаланат жана башка элдердин классикалык аспаптык чыгармалары сыяктуу эле тема өнүктүрүү принцибинде куралган.

**Жыйынтык.** Бүгүнкү күндө улуттук музыкалык-маданий мурастын заманбап чөйрөсү менен өз ара тыгыз байланышта өнүгүү процесси жүрүп жаткандыгын тана албайбыз. Бул жагдайда элдик музыкалык маданияттын салттуулугунун бурмалануусуна шарт түзүлүп жаткандыгы ачык көрүнүп турат. Анткени бул маселе социалдык-маданий чөйрөсү, жалпы көркөм-маданий сферасынын кучагында экендигинде. Демек, мындай потенциалдуу сферага өтө маанилүү көңүл буруу талаптуу болуп турат. Маданий жана массалык коммуникация чөйрөсүн өнүктүрүү боюнча мамлекеттик саясаттын негизги багыттарынын бири – улуттук музыканын салттуулугун сактоо жана аны өнүктүрүү болуп саналат. Бул Кыргызстандын маданий мурастарынын принципиалдуу түрдө өтө маанилүү компоненттеринен болуп эсептелет. Себеби, улутубуздун маданий мурастарынын салттуулугу тууралуу түшүнүк алуу, аларсыз мүмкүн эмес. Ошондуктан элдик салттуу музыкалык күү өнөрүнүн калыптанышынын жана өнүгүшүнүн тарыхый жолу менен, улуттук музыкалык маданиятынын тыгыз байланышы маданий чөйрөдө маанилүү орунду ээлейт.

Элибизде улуттук маданий мурастарды сактоо жана аны өнүктүрүү, мамлекетибиздин маданий саясатынын эң негизги максаттарынын бири экендиги бизге белгилүү. Өзгөчө бүгүнкү күндө, өлкөбүздөгү экономикалык, саясаттык маселелер курчуп турган кезде, маданият менен өз ара тыгыз байланышта болуп, алардын потенциалдуу жана актуалдуу өнүгүүсүндөгү бири-бирине болгон таасири аркылуу, байыркы ата-бабалардан калган маданий мурастарды сактоо жана аларды өнүктүрүү маселелери бүгүнкү коомдук маданий чөйрөдө орчундуу орунду ээлөөдө. Мына ушундай максаттардын негизинде маданий мурастарга таянуу менен келип чыккан маанилүү маселелердин бири – улуттук музыкалык маданияттын өнүгүүсү менен катар, элдик музыкалык күүчүлүк өнөрүнүн салттык нугунда өсүп-өнүгүүсүнө ыңгайлуу шарт түзүү болуп эсептелет. Мындай жагдайда кыргыз элдик музыкалык маданиятынын салттуулугун сактоо менен, анын өнүгүүсүн көздөө алдыбызда турат. Мына ушундай ой-толгоодон кийин, элдик музыканын байыртадан бери социалдык-маданий тажрыйбасында сакталып келген салттуулугун, кийинки муундарга өткөрүп берүүнүн кыйла эффективдүү жолун издөө бирден-бир орчундуу маселелерден болуп эсептелет. Бул музыкалык күүчүлүк өнөрдүн салттуулугун өнүктүрүүдөгү ыкмалардын бири болуу менен, элдик музыканын нукуралыгын бурмалабастан колго алуунун натыйжасында, аны тарыхый-маданий контекстинде карай алабыз.

Поступила: 18.10.22; рецензирована: 01.11.22; принята: 04.11.22.

***Адабияттар***

1. *Каралаев С.* Семетей: эпос / С. Каралаев. Фрунзе: Адабият, 1989.
2. *Андреев А.В.* (Алибий) Киргизские игрища / А.В. Андреев // Туркестанские ведомости. 1904. № 84.
3. *Эйхгорн А.* Музыкально-этнографические материалы // в кн.: Музыкальная фольклористика в Узбекистане (первые записи). Ташкент, 1963.
4. *Алагушов Б.* Кыргыз музыкасынын тарыхынан / Б. Алагушов, Т. Койгелдиева, Ш. Турдумамбетова. Фрунзе, 1989.
5. *Субаналиев С.* Кыргыздын элдик музыкалык аспаптары: идиофондор, мембранофондор,

аэрофондор / С. Субаналиев. Фрунзе: Адабият, 1991.
6. *Жакыпов К.* Ааламдашуу шартында кыргыз элдик аспаптык аткаруучулук өнөрүн сактоо жана өркүндөтүү процессинде көркөм билим берүүнүн ролу / К. Жакыпов // Кыргыз Республикасынын УИАнын кабарлары. Бишкек: Республикалык илимий-теориялык журнал. 2018. № 2.
7. *Абрамзон С.М.* Кыргыз жана Кыргызстандын тарыхы // түз.: Ө. Караев. которг.: С. Мамбеталиев, Д. Сулайманкулов, С. Макенов. 2-бас. / С.М. Абрамзон. Бишкек: Турар, 2013.
8. Кыргыздар. Кыргыздардын санжырасы, тарыхы, мурасы жана салты. 4-т. Түз.: К. Жусупов. Бишкек, 1997.
9. *Жаканов И.* Кер толгоо: роман. Казак тилинен которгон О. Айтымбетов / И. Жаканов. Фрунзе: Адабият, 1989.
10. *Виноградов В.* Муратаалы Күрөңкеев: жизнь и творчество / В. Виноградов. Фрунзе: Киргосиздат, 1962.
11. *Дүйшалиев К.Ш.* Кыргыз эл музыкасы / К.Ш. Дүйшалиев. Бишкек: Шам; 2007.
12. *Касей М.* Хрестоматия: усулдук колдонмолор, комуз көнүгүүлөрү, обон күүлөр, күүлөр / М. Касей. Бишкек, 2014.
13. *Виноградов В.* Кыргызская народная музыка / В. Виноградов. Фрунзе, 1958.
14. *Салиев А.* Замандашым, комузум / А. Салиев // Советтик Кыргызстан. 1959. 7 июнь.
15. *Янковский В.В.* Музыкальная культура Советской Киргизии / В.В. Янковский. Фрунзе: Илим, 1982.
16. *Алагушов Б.* Комузчулар өнөрү (илимий-популярдуу очерк) / Б. Алагушов. Фрунзе: Илим, 1976.
17. *Затаевич А.В.* Кыргыздын аспаптык күүлөрү жана обондору / А.В. Затаевич. М.: Сов. композитор, 1971.
18. *Камбаралиева У.Ж.* Кыргыз обон-күүлөрүнүн дүйнөсү. Кыргызча сүйлөшөлү / У.Ж. Камбаралиева. Бишкек, 2015.